**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Адистик: 070201 «Актерлук өнөр»**

**Квалификациясы: актер, мугалим**

**БИШКЕК 2022**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн 070201 «Актерлук өнөр» адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик билим берүү стандарты) «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштеп чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- негизги кесиптик билим берүү программасы - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- сабактардын цикли - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- модуль - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- компетенция – окуучунун аныкталган бир чөйрөдо майнаптуу жана жемиштүү иштөөсү үчүн зарыл болгон билими жагынан даярдоого карата алдын ала коюлган социалдык талап (ченем);
- кредит - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;
- окутуунун натыйжалары - негизги билим берүү программасы/модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат. Кесиптик стандарт – кесиптик иштин конкреттүү түрүрүнүн чегинде анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды белгилөөчү, кызматкер кайсы иште болсо да, кайсыл уюмда болсо да өзүнүн ордун татыктуу ээлеши үчүн кызматкерде болушу милдеттүүболгон квалификациянын сапаттык деңгээлин баяндаган негиз түзүүчү документ.

## 2-глава. Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты 070201 «Актерлук өнөр» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз Республикасынын

аймагында тиешелүү адистик боюнча лицензиясы жана аккредитациясы бар, менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыгына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. 070201 «Актерлук өнөр» боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгүыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу агенттиктер.

## 3-глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 070201 «Актерлук өнөр» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формасы - күндүзгү.

6. 070201 «Актерлук өнөр» адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 2 жыл 10 ай.

7. Маданият жана искусство чөйрөсү үчүн кадрларды даярдоочу билим берүү уюмдарында окуу сааттарынын жалпы көлөмү маданият, маалымат жана туризм чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы тарабынан бекитилет.

8. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат)

берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

9. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

10. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Орто кесиптик билим берүүнүн программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму кайра аттестациялоонун (кайра зачет тапшыруунун) жыйынтыгы менен башка адистик боюнча жогорку кесиптик билим же орто кесиптик билим алууда студент өздөштүргөн (өткөн) өзүнчө дисциплиналар (модулдар) жана (же) өзүнчө практикалар боюнча окутуунун натыйжаларын толук же жарым-жартылай кайра кабыл алышы мүмкүн.

11. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 180ден кем эмес кредитти түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

12. 070201 «Актерлук өнөр» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаты: актердук өнөрдүн практикалык методикасын жана теориялык негизин толук өздөштүргөн чыгармачыл-аткаруучулук ишмердүүлүккө, педагогикалык ишмердүүлүккө даяр адисти даярдап чыгаруу.

070201 «Актерлук өнөр» адистигинде инсанды тарбиялоодо студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын калыптандырууга басым жасалат: максатка умтулгандык, уюшкандык, эмгекти сүйө билүү, жоопкерчилик, жарандуулук, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, жалпы маданиятын жогорулатуу.

13. 070201 «Актерлук өнөр» адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин тармагы актер катары чыгармачыл-аткаруучулук ишмердүүлүктү жүргүзүү жана мугалим катары актердук өнөргө үйрөтүү.

14. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишинин объектилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- чыгармачыл жамааттар;
- балдар көркөм өнөр мектептери, балдар театралдык мектептери, кошумча билим берүү мекемелери, жалпы билим берүүчү мекемелери,

билим берүү мекемелери;

- концерттик жана театралдык уюмдар;

- ар түрдүү стилдердин жана доорлордун адабият, драма жана музыкалык чыгармалары;

-балдар көркөм өнөр мектептеринде, балдар театралдык мектептеринде, кошумча билим берүү мекемелеринде, жалпы билим берүүчү мекемелерде, билим берүү мекемелеринде ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары.

15. 070201 «Актерлук өнөр» билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүнүн адистик ишмердүүлүгү:

- чыгармачыл-аткаруучулук ишмердүүлүк;

- педагогикалык ишмердүүлүк.

16. 070201 «Актерлук өнөр» адистиги боюнча бүтүрүүчү чыгармачыл-аткаруучулук ишмердүүлүгүнө байланыштуу төмөнкү иш милдеттерине даяр болуусу керек:

- режиссердун жетекчилиги алдында ар түрдүү жанрдагы спектаклдерде, кинодо рол жаратат жана аткарат. Өз алдынча актердук тренинг үстүндө иштейт, өзүнүн тыш келбетин жана психофизикалык абалын формада кармайт;

- режиссердун жардамчысы, ассистенти болгон учурда спектаклдин чыгуусунун уюштуруучулук жагын карайт, репитициялардын өз убагында болуусун камсыз кылат.

Педагогикалык ишмердүүлүктөгү бүтүрүүчүлөрдүн иш милдеттери:

- актердук тренингдерди өткөрөт;

- актердук чеберчилик жана чектеш сабактарды балдар көркөм өнөр мектептеринде, балдар театралдык мектептеринде, кошумча билим берүү мекемелеринде, жалпы билим берүүчү мекемелеринде, билим берүү мекемелеринде өтүү.

17. Кесиптик орто билим берүүнүн 070201 «Актерлук өнөр» адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даярдалды:

-жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;

-тездетилген программалар боюнча тиешелүү профилдеги жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын өздөштүрүүгө.

## 4-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына каратажалпы талаптар

18. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү

стандартынын, улуттук квалификациянын алкагынын, квалификациянын жана кесиптик стандарттын (эгер болсо) тармактык/сектордук алкактарынын негизинде иштелип чыгат.

Орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиянын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөр менен туюндурулган сунуштарга ылайык негизги кесиптик билим берүү программасын 5 жылда бир жолудан кем эмес жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуу;

- билим берүү программаларына мониторинг жүргүзүү, мезгил-мезгили менен рецензиялоо;

- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана ыктарынын, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун объективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуу;

- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуу;

- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуу, аларды натыйжалуу колдонууну, анын ичинде окуп жаткандарды сурамжылоо аркылуу контролдоо;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү туруктуу негизде текшерип туруу;

- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоо.

19. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтышы керек.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо төмөнкүлөрдөн турат: Өзүнчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу сынак, жыйынтыктоочу дисциплиналар аралык комплексттүү сынак, “Актердук чеберчилик” сабагы боюнча дипломдук иш (спектаклде роль аткаруу).

Мамлекеттик жыйынтыктоочу сынакка академиялык карызы жок, окуу планы боюнча белгиленген толук курсту окуп бүткөн бүтүрүүчү киргизилет.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген

этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттерди учурдагы, орто аралык аттестациялоо жана бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Окуу жылындагы бир семестрдеги сынактардын саны 8ден ашпоосу керек.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

20. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцияларын түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсүүчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактарды камтуусу керек. Студенттин тандоосу боюнча сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

22. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө.

23. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

24. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке

ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

25. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

26. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу формасындагы бир жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Мамлекеттик билим берүү стандарты менен аныкталат жана ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35тен кем эмес пайызынан түзөт.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнүүчү сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модулу) боюнча экзаменге даярданууга каралган убакыт киргизилет.

Күндүзгү окуу формасында жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү Мамлекеттик билим берүү стандарты менен адистиктин өзгөчөлүгүн эске алуу менен ар бир окуу дисциплинасын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 65% дан ашпаган бөлүгү менен аныкталат.

Музыкалык коштоону талап кылган сабактар боюнча музыкалык жактан коштоо үчүн концертмейстерлердин сааты эсептелет жана мугалимдердин жүктөмүнө кошулат: концертмейстерге ритмика, бий, үндү коюу, эстрада негизи предметтери боюнча окуу планында бөлүнгөн окуу убактысынын 100% көлөмүндө убакыт талап кылынат; 75% - сахна кыймылы жана жана сахна чабышы сабактарынан, 50% - адистик сабактар боюнча (сахна кеби, көркөм окуу), 25% - актердук чеберчилик сабагы боюнча.

27. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5-глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

28. 070201 «Актерлук өнөр» адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 12 жана 16-пункттарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

*а) жалпы (ЖК):*

ЖК1 - өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын

баалоону билүү;

ЖК2 - стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;

ЖК3 - кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

ЖК4 - кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

ЖК5 - командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;

ЖК6 - команда мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш орунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

ЖК7 - жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;

ЖК8 - чакан жамаат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу.

*б) кесиптик иштин түрүнө ылайык келген кесиптик (КК):*

*Чыгармачыл-аткаруучулук ишмердүүлүк:*

КК1 - драмалык жана адабий материалдар менен иштөөдө кесиптик ыкмаларды колдоно билүү;

КК2 - кесиптик ишмердигинде, ишмердигинин түрүнө шайкеш келген сахна искусствосунун түрлөрүнүн көркөм каражаттарын колдоно билүү;

КК3 - чыгармачыл жамаатта башка аткаруучулар, режиссер, балетмейстер, концертмейстер менен бирдиктүү көркөм көздөмдүн алкагында иш алып баруу;

КК4 - ишмердигинин түрүнө шайкеш келген көркөм образды актердук каражаттардын жардамы менен түзүү;

КК5 - режиссердун идеясынын негизинде ролдордун үстүндө өз алдынча иштөө;

КК6 - сахна оюнун коюунун шарттарында көрүүчүлөр менен баарлашуу;

КК7 - театр өнөрүнүн конкреттүү чыгармаларын талдоо;

КК8 - спектаклди даярдоо мезгилинде көркөм процессти талдоо;

КК9 - өз кесиптик ишмердигинде театрга жана искусствого байланышкан адабияттар менен тааныш болуу;

*Педагогикалык ишмердүүлүк:*

КК10 - педагогикалык жана окутуу-усулдук ишмердигин жаш жеткинчектердин көркөм өнөр мектептеринде, балдардын театралдык мектептеринде кошумча билим берүүчү, жалпы билим берүүчү, билим берүүчү мекемелерде жүргүзү билүү;

КК11 - психология жана педагогика, атайын жана теориялык дисциплиналар боюнча билимин колдоно билүү;

КК12 - окутуу процессин уюштурууда жана талдоодо, сабакка даярданууда жана өтүүдө базалык билимди жана практикалык тажрыйбаны колдоно билүү;

КК13 - окутуунун классикалык жана заманбап ыкмаларын колдонуу, ата мекендик жана дүйнөлүк көркөм өнөр мектептеринин өзгөчөлүктөрүн талдоо;

КК14 - окуучулардын жаш курагына, психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша аткаруучулук класста иштөөдө жеке ыкмаларды жана жолдорду таба билүү;

КК15 - окуучулардын кесиптик билгичтиктерин өстүрүүнү пландоо.

29. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик программасына төмөнкүдөй блоктор жана окуу циклдери кирет:

1-блок «Дисциплиналар (модулдар)»:

1) жалпы гуманитардык цикл;

2) математикалык жана табигый илим цикли;

3) кесиптик цикл;

4) дене тарбия;

2-блок «Практика»;

3-блок «Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация».

Орто кесиптик окуу жайы мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат жана улуттук квалификациянын алкактарына ылайык окутуунун натыйжаларына жетүүгө жоопкерчилик тартат.

Дисциплиналардын (модулдардын) топтомун жана алардын негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү эмгек сыйымдуулугун орто кесиптик окуу жайы улуттук квалификациянын алкактарында каралган окутуунун натыйжаларынын жыйындысы түрүндө аны өздөштүрүүнүн талаптарын эске алуу менен ушул блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы жалпы гуманитардык циклдин билим берүү дисциплиналарын ишке ашырууну камсыз кылуусу керек, алардын тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан аныкталат. Аталган дисциплиналардын мазмуну жана ишке ашыруу тартиби тиешелүү адистик боюнча орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет.

Орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы ушул стандартка тиркелген түзүмгө ылайык иштелип чыккан *(Тиркеме 1).*

30. Сабактардын ар бир циклы базалык (милдеттүү) жана элективдүү бөлүккө ээ болушу керек. Элективдүү бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну менен аныкталуучу студенттердин билимдерин, ыктарын жана көндүмдөрүн кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Элективдүү бөлүк орто кесиптик окуу жайы тарабынан ишке

ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эске албастан милдеттүү бөлүктүн көлөмү негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50дөн ашпаган пайызын түзүүгө тийиш.

Орто кесиптик окуу жайы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын арызы боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуучу жана зарыл болгон учурда аталган адамдардын өнүгүүсүнүн бузулушун оңдоону жана социалдык адаптациялоону камсыздоочу негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүндүгүн берүүсү тийиш.

31. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу сабактын профилине ылайык келген базалык билими бар педагогикалык кадрлар менен камсыздалышы керек.

Педагог студент катышынын коэфициенти 1:3.

Педагогдордун жалпы санынан 10 пайызга чейин орто кесиптик билими бар, тиешелүү адистик чөйрөдө мамлекеттик наамдары бар же 10 жылдан ашуун бул адистик чөйрөдө практикалык ишмердүүлүк жүргүзгөн кызматкерлер түзө алат.

Кесиптик циклдин окутуучуларынын сапаттык курамын баалоодо стажы 10 жылдан ашкан өндүрүшчүлөр эске алынат.

32. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынышы керек. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы практикалык сабактарды камтууга тийиш.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияты жана/же электрондук адабият менен студенттердин камсыз болуусу бир студентке 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык келиши керек. Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек. Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылышы керек.

33. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болушу керек. Ар бир студентке туура келүүчү аянт 11 кв.м. болуусу керек.

*Кабинеттердин, репетициялык имараттардын минималдык тизмеси*

Кабинеттер:

- жалпы билим берүү дисциплиналары үчүн;

- информатика/ компьютердик графика;
- математикалык, жалпы табигый илимдер циклы үчүн;
- ритмика, бий үчүн (станоктор, күзгүлөр менен)

Мастерскойлор:
- актердук чеберчилик боюнча.

Спорттук комплекс:
- спорт залы.

Зал:
библиотека, интернет тармагына чыгууга мүмкүнчүлүгү болгон окуу залы.

36. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктай турган орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоонун тартибин эске алуу менен орто кесиптик окуу жайы тарабынан аныкталат.

**Тиркеме 1**

**070201 «Актерлук өнөр» адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын структурасы**

| № | Окуу циклдери жана аларды өздөштүрүүнүн жыйынтыктары | Жалпы орто билим берүүнүн базасында ар түрдүү мөөнөттөрүндөгү эмгек сыйымдуулугу, кредиттер | | Үлгү болуучу программаларды, окуу куралдарын иштеп чыгуу үчүн сабактардын тизмеси | Калыптануучу компетенциялардын коддоу |
|---|---|---|---|---|---|
| | | негизги жалпы билимдин базасында, 2 жыл 10 ай | жалпы орто билимдин базасында, 2 жыл 10 ай | | |
| | **ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ ЦИКЛЫ** | **1440 саат** | **-** | | |
| **1-Блок** | **I. Жалпы гуманитардык цикл**<br>**II. Математикалык жана табигый илим цикл**<br>**III. Кесиптик цикл** | **106*** | **163*** | | |
| | **I. Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **18** | | |
| | Циклды окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыгында студент төмөнкү | | | Кыргыз тили жана | ЖК 1 - ЖК 8 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | билгичтиктерге жана ыктарга ээ болуусу керек:<br>**Билүү:**<br>- кыргыз тили, орус тили жана чет тили боюнча адистик багытта окууга, жазууга жана которууга лексикалык (1000 – 1200 лексикалык бирдик) жана грамматикалык минимумду; - расмий иш кагаздарынын жазуу нормаларын;<br>- тексттик маалыматтарды кайра иштетүүнүн негизги ыкмаларын; - расмий иш кагаздарынын негизги эрежелерин; - улуу кыргыз жазуучу, акындарынын чыгармаларын жана өмүр баяндарын; - Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсүнүн, калыптануусунун негизги этаптарын жана анын дүйнөлүк коомчулук системасындагы ролун;<br>- “Манас” эпосунун мазмунун, каармандарын жана негизги идеясын; “Манас” эпосу аркылуу кыргыз элинин тарыхын; эпостун көркөм дөөлөттөрүн; эпикалык поэзиянын касиеттери жөнүндө жалпы түшүнүктү, адам менен коом, адам менен жаратылыш ортосундагы мамилелердин эпосто чагылдырылышын.<br>**Аткара билүү:**<br>- кыргыз тилинде, орус жана чет тилинде күндөлүк турмуш жана адистик баарлашуу үчүн аргументтештирилген, логикалык так жана туура сүйлөй билүү, жаза билүү;<br>- өз алдынча жазма кебин жана сүйлөө кебин жакшыртуу; - сөз байлыгын өстүрүү; - адистик багыттагы тексттерди кыргыз, орус жана чет тилинде сөздүк менен которо билүү; - кыргыз, орус жана чет тилинде монолог, диалог түзө билүү;<br>- чыгарманын негизги идеясын көрсөтө билүү, талдай билүү; - акын, жазуучулардын чыгармачылыгынын тезистик планын түзө билүү; - башкы каармандарды талдай билүү; - тарыхый өнүгүүнүн себеп-натыйжа процессин анализдөө;<br>- “Манас” эпосунун элдик оозеки чыгармачылыктагы ордун, маанисин жана ролун түшүндүрө билүү; - | | | адабияты<br><br>Орус тили<br><br>Чет тили<br><br>Кыргыз-стандын тарыхы<br><br>Манаста-нуу<br><br>Кыргызстандын географиясы | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | "Манас" эпосундагы идеяларды күндөлүк турмушта колдоно билүү.<br>**Ээ болуу:**<br>- кыргыз, орус жана чет тилинде баарлашуунун кеп маданиятына; - коммуникациянын эффективдүү ыкмаларына; - ар түрдүү тексттерге лингвистикалык анализ жүргүзүү жөндөмүнө; - кыргыз, орус жана чет тилдеринде сабаттуу жазуу ыкмаларына;<br>- окулган чыгармаларды анализдөө ыкмасына; - чыгарманын негизги идеясын, композициясын, сюжетин, темасын талдай билүү; - каармандардын кыймыл-аракеттерин анализ кылуу, баа берүү жөндөмүнө;<br>- тарыхый адабият менен иштөө жөндөмүнө; тарыхый эстеликтерди жана тарыхый булактарды изилдөө; тарыхый көрүнүштөрдү анализдөө жөндөмүнө;<br>- өз алдынча иштөө жөндөмүнө;<br>- окуу процессинде алган билимин кесиптик ишмердигинде колдоно билүү. | | | | |
| | **II. Математикалык жана табигый илим циклы** | **6** | **6** | | |
| | Циклды окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыгында студент төмөнкү билгичтиктерге жана ыктарга ээ болуусу керек:<br>**Билүү:**<br>- маалыматты кайра иштетүүнүн негизги ыкмаларын; - математикалык ой жүгүртүү жана далилдөөлөрдүн принциптерин; - эсептөө системаларын; - математикалык статистика ыкмаларын; - алгебра жана геометриянын негиздерин;<br>-заманбап технологияларда маалыматты топтоо, кайра иштетүү жана көрсөтүүнүн негизин; - кесиптик чөйрөдө керектелүүчү стандарттык программалык камсыздоо; - керектүү маалыматты табуу үчүн издөө системаларын; - жалпы жана кесиптик маалыматтарды издөө, системага салуу, иштетүү ыкмалары; - МКТ каражаттарын колдонууда коопсуздук эрежелери жана технологиялык гигиена сунуштарын; - Интернет | | | Кесиптик матема-тика<br><br>Информа-тика | ЖК 1 - ЖК 8 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | тармагынын ресурстарын адистик ишмердүүлүгүнүн жана жеке инсандык өнүгүү үчүн колдонууну.<br>**Аткара билүү:**<br>- адистик милдеттердин аткарылышы үчүн математикалык ыкмаларды колдонуу;<br>- маалыматтарды жана изилдөө жыйынтыктарын элементардык статистикалык иштеп чыгууну жүргүзүү, алынган маалыматтарды графикалык түрдө берүү;<br>- заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (локалдык жана компьютердик түйүндөрдү, колдонмо программаларды кошо) кесиптик ишмердүүлүк үчүн чогулта билүү, иштетүү жана анализ кылуу; - МКТ каражаттарын колдонууда коопсуздук эрежелери жана технологиялык гигиенаны сактоо; кесиптик ишмердүүлүк үчүн Интернет тармагынын сервистерин жана маалыматтык ресурстарын пайдалануу.<br>**Ээ болуу:**<br>- маалыматты математикалык иштетүүнүн негизги ыкмаларына; - математикалык логиканын ыкмаларына;<br>- жалпы жана кесиптик багыттагы программалык каражаттар менен иштөө; - кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөлөрүндө маалыматтарды чогултуу жана иштеп чыгуу жөндөмдөрүнө. | | | | |
| **3** | **КЕСИПТИК ЦИКЛ** | **82*** | **139*** | | |
| | Кесиптик циклды окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыгында студент төмөнкү билгичтиктерге жана ыктарга ээ болуусу керек:<br>**Практикалык тажрыйбага ээ болуусу:**<br>- актердук чеберчиликтин психофизикалык негиздери;<br>- сахналык кеп өнөрүн, кесибине байланыштуу билгичтиктерге ээ болуу;<br>- кесиптик вокалдык жөндөмгө ээ болуу;<br>- окуу-репетициялык иштердин | | | Актердук чеберчилик<br><br>Сахна кеби<br><br>Көркөм окуу<br><br>Ийкемдүүлүккө тарбиялоо | КК 1-КК 15 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | жүргүзүлүшү;<br>- грим менен иштөөнүн жолдорун колдонуу;<br>**Билүү:**<br>- актердук кесиптин теориянын негиздери; келечектеги кесибине байланыштуу максаттар, милдеттер, мазмун, кесибин жеткилең үйрөнүүнүн ыкмалары;<br>- актердук чеберчиликтин түрдүү мектептеринин өзгөчөлүктөрү;<br>- драмалык чыгармалардын жанрдык жана стилистикалык өзгөчөлүктөрү;<br>- ролдун үстүндө иштөөнүн атайын ыкмалары жана техникасы;<br>- адабий драмалык материалдар менен иштөөнүн ыкмалары;<br>- актердун психофизикалык тренингинин жолдору;<br>- кеп техникасын – артикуляцияны: ыр саптарына байланышкан теориянын негиздери;<br>- текстти логикалык талдоо;<br>- речтик-үн аппаратынын анатомиясы жана физиологиясы;<br>- кепке көркөмдүүлүктү берүүчү сахна өнөрүндө колдонулуучу ыкмалар;<br>- көркөм тексттерди талдоонун түрдүү ыкмалары;<br>- ыр түзмөктөрүнө байланыштуу теориянын негиздери;<br>- классикалык станоктор;<br>- бий өнөрүнүн негиздери;<br>- тарыхый, элдик жана заманбап бийлердин ар кыл үлгүлөрү;<br>- сахна кыймылынын негиздери;<br>- сахна чабышынын куралдарын коопсуз колдонуунун ыкмалары;<br>- эквилибристика жана жонглердук кыймыл аракеттерин негиздери;<br>- түрдүү көнүгүүлөрдү жана комбинацияларды аткаруунун коопсуздугун камсыз кылуу принциптери;<br>- үндүн көркөм–аткаруучулук мүмкүнчүлүктөрү;<br>- үндү коюнун өзгөчөлүктөрү, дем алуунун техникасы;<br>- кесиптик терминология менен тааныш болуу;<br>- театралдык окуу жайларда | | | Сахна кыймылы, чабышы<br><br>Үндү коюу<br><br>Чыгарма-чыл дисци-плина-ларды окутуу-нун педагоги-калык негиздери | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | театралдык дисциплиналарды окутуунун заманбап багыттары;<br>- жалпы билим берүүчү мектептериндеги жана көркөм өнөр мектептериндеги педагогикалык, драмалык репертуары.<br>**Аткара билүү:**<br>- өзү окуп-үйрөнүп жаткан көркөм өнөрдүн профилине ылайык атайын адабиятка кунт коюу, мындан тышкары көркөм чыгармачылыктын башка тармактарына байланышкан адабияттарга да маани берүү;<br>- ролдун үстүндө иштөөдө көркөм өнөр жана адабий чыгармаларды талдай билүү;<br>- кесиптик ишмердүүлүгүндө чыгармачыл жамаатта иштей билүүсү (башка аткаруучулар, режиссер ж.б.) көркөм образга сезимталдык менен мамиле кылуу;<br>- көркөм образды түзүүдө образдуу ойломду пайдалануу;<br>- көркөм образды түзүүдө актердук каражаттарды колдонуу, режиссердун идеясынын негизинде өз алдынча изденщщнщн билгичтиктери менен пайдалануу;<br>- туура дем алуу, дикциясын туура тандоо, үнгө байланыштуу жөндөмдүктөр;<br>- адабий материалдардын үстүндө иштөө;<br>- кеп маданиятынын нормативдик талаптарын колдоно билүү;<br>- жаңы кыймыл-аракеттерди, жаңы жөндөмдөрдү оңой үйрөнүү жолдорун табуу, заттар менен иштөө; классикалык бийлерди аткаруу, тарыхый-турмуштук, элдик, эстрадалык, модерн-бий, степ;<br>- сахнадагы кыймыл-аракеттердин мүмкүн болгон түрлөрүн колдонуу, куралдуу жана куралсыз сахналык кыймылдадын элементтерин аткаруунун жолдору; ар бир тарыхый доордун өзүнө гана мүнөздүү болгон манераларды жеткиликтүү туурай билүү; атайын шаймандар жана буюмдар менен колдоно билүү;<br>- жеке жана ансамблде ырдоо; үндүн түрдүү диапазонун колдонуу; аткаруу | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | практикасында теориялык билимдерди пайдалана билүү; жекече аткарылуучу жана топтук чыгармаларды аткарууда актердук чеберчиликти колдонуу;<br>- педагогиканын базалык негиздерин эске алуу менен студенттердин окуусун уюштуруу; курактык жана инсандык жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жеке-көркөм – чыгармачыл иштерди аткаруу.<br>**Ээ болуу:**<br>- актердук чеберчиликтин психофизикалык негиздерине;<br>- сахналык кеп өнөрүнө, кесибине байланыштуу билгичтиктерге;<br>- режиссердун идеясынын негизинде өз алдынча изденүүнүн билгичтиктери менен пайдаланууга;<br>- сахналык кеп өнөрүн, кесибине байланыштуу сүйлөө-үнгө билгичтиктерге ээ болууу;<br>- сахналык тилинин чеберчилигине;<br>- студияда иштеп жаткан учурда сахналык ыкмасын көрсөтүүдө көрүүчүлөр менен байланыш түзүүгө;<br>- сахнага чыгууда жана студияда иштөөдө баарлашуунун негизги ыкмаларына, көндүмдөрүнө;<br>- бий техникасына;<br>- мүнөзүн сезүүдө бий кыймылынын, стилин жана манерасынын билүү;<br>- кынтыксыз колдорун шилтөө;<br>- бийдеги мүмкүн болгон кыймыл аракеттердин түрлөрүндө жөнөкөй элементтерин колдонуу;<br>- дененин ийкемдүүлүгүнө басым жол менен денесин башкаруу;<br>- актердук чеберчиликтин психофизикалык негиздерине;<br>- ар түрдүү машыгуулардын жолу менен каалаган мыкты ийкемдүүлүккө жетүү, жеңил шамадагайлык кыймыл аракетке жетишүү;<br>- сахнадагы кыймыл-аракеттердин мүмкүн болгон түрлөрүн колдонуу, куралдуу жана куралсыз сахналык кыймылдардын элементтерин аткаруунун жолдоруна;<br>- профессионалдык вокалдык ыкмага;<br>- вокалисттин кесиптик | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | терминологиясына жана лексикасына;<br>- дем алууну туура пайдаланууну үйрөтүү, ырдоодо тура туруууну, үндүн сапатын камсыздоодо, үндү коздоо, шыктандыруусун;<br>-чөйрөдөгү чыгармачылык дисциплиналардын башталгыч негизги педагогикалык базасын, теориялардын, практикалардын методикасы. | | | | |
| **4** | **Практика** | **15**** | **18**** | | КК 1-КК 15 |
| **5** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | **6** | **6** | | |
| **6** | **Дене тарбия (жумасына 2 сааттан 3-5 жана 3-6 семестрлерде)** | **108 саат** | **132 саат** | | |
| | **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **127(*)** | **187(*)** | | |

*Эскертүү:*

*(*) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн "Кесиптик цикл" окуу циклинде кошумча 210 академиялык саат каралсын (7 кредит).*

*(**)маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн "Практика" окуу циклинде 1200 академиялык саат каралсын.*

**Тиркеме 2**

**Кесиптик орто билим берүү программасынын үлгү окуу планы**

**адистиги: 070201 «Актерлук өнөр»**
**квалификациясы: актер, мугалим**
**(негизги жалпы билимдин базасында)**

| № п/п | Сабактардын аталышы (практика менен кошо) | Жалпы сыйымдуулук | | Семестрлер боюнча болжол менен бөлүштүрүү | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредит менен | саат менен | 1 семестр | 2 семестр | 3 семестр | 4 семестр | 5 семестр | 6 семестр |
| | | | | Жума саны | | | | | |
| | | | | 20 | 20 | 18 | 18 | 18 | 12 |
| | **Жалпы орто билим берүү цикл** | | **1440** | | | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | | **1080** | | | | | | |
| | Кыргыз тили | | 80 | x | x | | | | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Кыргыз адабияты | | 80 | x | x | | | | |
| | Орус тили | | 40 | x | | | | | |
| | Дүйнөлүк адабият | | 40 | | x | | | | |
| | Чет тили | | 80 | x | x | | | | |
| | Кыргызстан тарыхы | | 40 | x | | | | | |
| | Дүйнөлүк тарых | | 40 | | x | | | | |
| | Адам жана коом | | 40 | | x | | | | |
| | Математика | | 200 | x | x | | | | |
| | Астрономия | | 20 | x | | | | | |
| | Физика | | 120 | x | x | | | | |
| | Химия | | 60 | | x | | | | |
| | Биология | | 40 | x | | | | | |
| | География | | 40 | x | | | | | |
| | Баштапкы аскердик даярдык | | 80 | x | x | | | | |
| | Дене тарбия | | 80 | x | x | | | | |
| | Элективдүү бөлүк | | 360 | x | x | | | | |
| **1-Блок** | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | x | | | | | |
| | Орус тили | 2 | 60 | x | | | | | |
| | Чет тили | 2 | 60 | x | | | | | |
| | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | | | | | x | |
| | Манастануу | 2 | 60 | x | | | | | |
| | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | | | | x | | |
| | Театр тарыхы | 3 | 90 | | | x | | | |
| | **БАРДЫГЫ:** | **18** | **540** | | | | | | |
| | **Математикалык жана табигый илимий цикл** | **6** | **180** | | | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | x | | | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | | | | | x | |
| | Музыкалык тарбия | 2 | 60 | | | x | | | |
| | **БАРДЫГЫ:** | **6** | **180** | | | | | | |
| | **Кесиптик цикл** | **82*** | **2460** | | | | | | |
| | Актердук чеберчилик | 33 | 990 | x | x | | | x | x |
| | Сахна кеби | 12 | 360 | x | x | | | x | x |
| | Көркөм окуу | 5 | 150 | | | | | x | x |
| | Ийкемдүүлүккө тарбиялоо | 6 | 180 | x | x | | | x | |
| | Сахна кыймылы, | 4 | 120 | x | x | | | x | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | чабышы | | | | | | | | |
| | Үндү коюу | 5 | 150 | х | х | | | | |
| | Чыгармачыл дисци-плиналарды окутуу-нун педагогикалык негиздери | 2 | 30 | | | | | х | |
| | Грим | 3 | 90 | | | | | х | х |
| | ИЗО | 3 | 90 | | | | х | х | |
| | Окутуунун ыкмалары | 3 | 90 | | | | | х | х |
| | Эстрада негизи | 3 | 90 | | | | х | х | |
| | Кыргыз театр тарыхы | 3 | 90 | | | | х | х | |
| | **БАРДЫГЫ:** | **82*** | **2460** | | | | | | |
| | **Дене тарбия** | | **108** | | | х | х | х | |
| **2-Блок** | **Практика** | **15** | **450** | | х | | | | х |
| **3-Блок** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация** | **6** | **180** | | | | | | х |
| | **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **187*** | **3810** | **30** | **30** | **30** | **30** | **30** | **30** |

*Эскертүү:*

*(*) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн "Кесиптик цикл" окуу циклинде кошумча 210 академиялык саат каралсын (7 кредит).*

*(**)маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн "Практика" окуу циклинде 1200 академиялык саат каралсын.*

**Тиркеме 3**

## Кесиптик орто билим берүү программасынын үлгү окуу планы

### адистиги: 070201 «Актерлук өнөр»
### квалификациясы: актер, мугалим
### (жалпы орто билимдин базасында)

| № п/п | Сабактардын аталышы (практика менен кошо) | Жалпы сыйымдуу-лук | Семестрлер боюнча болжол менен бөлүштүрүү |
|---|---|---|---|

| | | Кредит менен | Саат менен | 1 семестр | 2 семестр | 3 семестр | 4 семестр | 5 семестр | 6 семестр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Жума саны | | | | | |
| | | | | 18 | 18 | 18 | 18 | 18 | 12 |
| **1-Блок** | **I. Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | | х | | | | |
| | Орус тили | 3 | 90 | | х | | | | |
| | Чет тили | 3 | 90 | х | | | | | |
| | Кыргызстан тарыхы | 4 | 90 | | | | | х | |
| | Манастануу | 2 | 60 | х | | | | | |
| | Театр тарыхы | 3 | 90 | | | | х | | |
| | **БАРДЫГЫ:** | **18** | **540** | | | | | | |
| | **II. Математикалык жана табигый илимий цикл** | **6** | **180** | | | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | х | | | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | | х | | | | |
| | Музыкалык тарбия | 2 | 60 | | | х | х | | |
| | **БАРДЫГЫ:** | **6** | **180** | | | | | | |
| | **III. Кесиптик цикл** | **139*** | **4170** | | | | | | |
| | Актердук чеберчилик | 36 | 1080 | х | х | х | х | х | х |
| | Сахна кеби | 20 | 600 | х | х | х | х | х | х |
| | Көркөм окуу | 16 | 480 | | | х | х | х | х |
| | Ийкемдүүлүккө тарбиялоо | 12 | 360 | х | х | х | х | х | х |
| | Сахна кыймылы, чабышы | 12 | 360 | | х | х | х | х | |
| | Үндү коюу | 12 | 360 | | | х | х | х | |
| | Чыгармачыл дисциплиналарды окутуунун педагогикалык негиздери | 4 | 120 | | | х | х | х | |
| | Грим | 4 | 120 | | | | | х | х |
| | ИЗО | 4 | 120 | | | | х | х | |
| | Окутуунун ыкмалары | 4 | 120 | | | | | х | х |
| | Эстрада негизи | 11 | 330 | | | | х | х | |
| | Кыргыз театр тарыхы | 4 | 120 | | | | х | х | |
| | **БАРДЫГЫ:** | **139*** | **4170** | | | | | | |
| | **Дене тарбия** | | **132** | | | х | х | х | х |
| **2-Блок** | **Практика** | **18**** | **540** | | | | х | | х |
| **3-Бл** | **Жыйынтыктоочу мамлекеттик** | **6** | **180** | | | | | | х |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ок** | **аттестация** | | | | | | | | |
| | **Билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **187*** | **5610** | **32** | **31** | **31** | **31** | **31** | **31** |

*Эскертүү:*

*(*) маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн "Кесиптик цикл" окуу циклинде кошумча 210 академиялык саат каралсын (7 кредит).*

*(**)маданият жана искусство чөйрөсүндөгү билим берүү уюмдары үчүн "Практика" окуу циклинде 1200 академиялык саат каралсын.*

**070201 «Актерлук өнөр»** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүү боюнча мамлекетттик билим берүү стандарты Т. Абдумомунов атындагы КУАДТнын алдындагы Театралдык окуу жайынын окутуу-усулдук кеңеши тарабынан иштелип чыкты.

**ОУКнин төрагасы** — Т. У. Джумагазиев

**ОУКнин төрагасынын орун басары,**
Б. Бейшеналиева атындагы
КММИУнин окуу иштери
боюнча проректору — К. К. Тулебердиев

**ОУКнин жооптуу катчысы,**
Театралдык окуу жайдын
Окуу бөлүмү боюнча орун басары — К. А. Адылбекова

**ОУКнин мүчөлөрү:**

1. Т. Абдумомунов атындагы
КУАДТнын көркөм жетекчиси — Н. К. Мендебаиров

2. А. Умуралиев атындагы
БШДТнын көркөм жетекчиси — Ц. Ц. Умуралиева

3. КРнын өндүрүүчүлөр жана
ишкерлер биримдигинин аткаруучу
вице-президенти — Ш. И. Борончиев

4. Театралдык окуу жайдын вокал
сабагы боюнча окутуучусу,

профсоюздун төрайымы З. О. Омүрова